ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№1 ПРОТОКОЛУ**

*28-август, 2020-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү

*Күн тартиби:*
1. 2020-2021-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планын, факультеттин структура жетекчилеринин иш пландарын жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын бекитүү (*баяндамачы: МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуев*);
2. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 2020-2021-окуу жылына карата факультетибиздин бардык кафедраларынын жана структура башчыларынын иш пландары даярдалып, кафедралардын чечимдери менен бекитилген. Алардын негизинде Окумуштуулар Кеңешинин иш планын түзүлдү. Бул иш план алдын ала кафедраларга таркатылган кошумча сунуш пикирлердин негизинде жасалды. Ал эми 2020-2021-окуу жылына карата бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын тиешелүү кафедранын программа жетекчилери даярдашкан жана ББПсы бир нече жолуу талкуудан өткөн. Ошондуктан 2020-2021-окуу жылына карата иш пландарды жана жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын бекитүүнү сунуштайм. Анда 2020-2021-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планын, структура жетекчилеринин иш пландарын жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсын бекитүүнү добушка коём.

Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдошту.

Биринчи маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. 2020-2021-окуу жылына карата математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин иш планы жана факультеттин структура жетекчилеринин иш пландары жана бакалавр жана магистр программаларынын ББПсы бекитилсин;

2. Окуу жылынын ичинде кырдаалга жараша иш планга айрым өзгөрүүлөр декандын буйрутмасы менен киргизилсин.

**2. Ар түрдүү маселелер.**

а) "Физика-математикалык билим берүү" даярдоо багытынын "Математика" профили үчүн модулдук окуу планын талкуулоо

**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* 2020-21-окуу жылында кабыл алынган "Физика-математикалык билим берүү" даярдоо багытынын "Математика" профили үчүн модулдук окуу планы иштелип чыгып, талкууга коюлуп жатат. Атайын окуу планынын долбоору иштелип чыккан. Ал долбоор менен тааныштыруу үчүн МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент А.Д.Аттокуровага сөз берели.

*А.Д. Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: 2020-21-окуу жылында кабыл алынган "Физика-математикалык билим берүү" даярдоо багытынын "Математика" профили үчүн модулдук окуу планы иштелип чыкты. Окумуштуулар кеңешине талкууга коюлуп колдоп берүүңүздөрдү суранабыз. Бул модулдук окуу планы буга чейин региондук ЖОЖдор аралык илимий-методикалык семинарда окуу планынын долбоору тааныштырылып оң баага ээ болуп колдоого алынды.

А.Д. Аттокурова окуу планынын долбоору менен тааныштырды.

**Жарыш сөз:**

*Кудуев А.Ж. (деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент)*: Модулдук окуу планын түзүүдө модулдар жана алардын аталыштары эмнеге негизделип түзүлдү?

*Жооп*: "Математика" профили үчүн модулдук окуу планын түзүүдө тиешелүү негизги билим берүү программасынан күтүлүүчү окутуунун натыйжалары негиз катары алынды.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):*. сунушталып жаткан модулдук окуу планы учурда жогорку кесиптик билим берүүдө актуалдуу болгон окутуунун натыйжалары методологиясына негизделип түзүлгөн. Келечектеги математика мугалимдерин даярдоонун сапатын жогорулатууга чоң салым кошот деп ойлойм жана модулдук окуу планынын долбоорун колдойм. Сиздер да колдоп беришиңиздерди суранып кетем.

Окумуштуулар Кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

Жогорудагы маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. “Физика-математикалык билим берүү” даярдоо багытынын “Математика” профили үчүн модулдук окуу планы жактырылсын жана 2020-21-окуу жылы үчүн 1-курска сунушталсын.

2. “Математиканы жана информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүү менеджменти” кафедрасынын чечими (2020-жылдын 28-августундагы кеңешмесинин №1 токтому) бекитилсин.

3. “Физика-математикалык билим берүү” даярдоо багытынын “Математика” профили үчүн модулдук окуу планы жактырылсын жана 2020-21-окуу жылы үчүн 1-курска сунушталсын деген чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) Кафедраны өнүктүрүү максатында “Программалоо” кафедрасынын аталышын өзгөртүү маселеси

**Угулду**:

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* Программалоо кафедрасын өнүктүрүү максатында жана заман талабына ылайык кафедранын аталышын өзгөртүү маселеси коюлуп жатат. Сиздерге белгилүү болгондой Программалоо кафедрасы ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча иш алып барат. Ошого байланыштуу жана пландаштырылган иш чараларды аткаруу максатында атын өзгөртүүнү боюнча кафедранын чечими чыгып, аны колдоп берүү сунушу түштү Анда сөздү Программалоо кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, доцент Н.К. Аркабаевге сөз берели.

*Н.К. Аркабаев (кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, доцент):* саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү. Кафедраны өнүктүрүү максатында жана аккредитациянын талаптарына ылайык кафедранын аталышын өзгөртүү маселеси коюлуп жатат. Биздин кафедра информатика жана эсептөө техникасы жана информациялык системалар жана технологиялар багыттары боюнча иш алып барат. Ошого байланыштуу «Программалоо» кафедрасынын атылышын «Информациялык системалар жана программалоо» – ИСП («Информационные системы и программирование») деген аталышка өзгөртөлү деген сунушту киргизем жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.

**Жарыш сөз:**

*Сопуев А. (Программалоо кафедранын профессору):* бул маселе боюнча бир топ сунуш пикирлер айтылды жана кафедранын атын тандоо боюнча да бир нече варианттарды карап көрдүк. Биздин кафедра ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча иш алып баргандыктан кафедранын аты да ушул багыттырга түздөн түз байланыштуу болуусу керек. Ушул маселелерди эске алуу менен «Программалоо» кафедрасынын атылышын «Информациялык системалар жана программалоо» – ИСП («Информационные системы и программирование») деген аталышка өзгөртөлү деген сунушту киргизем жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.

*Кудуев А.Ж. (деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент)*: Программалоо кафедрасынын аталышы заман талабына ылайык максатка ылайыктуу тандалган деп ойлойм. Кафедра ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча иш алып баргандыктан «Программалоо» кафедрасынын атылышын «Информациялык системалар жана программалоо» – ИСП («Информационные системы и программирование») деген аталышка өзгөртүү сунушун мен да колдойм жана сиздерден да колдоп берүүнүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

Жогорудагы маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кафедраны өнүктүрүү максатында жана заман талабына ылайыкташтыруу маселесин эске алуу менен МИТ факультетинин «Программалоо» кафедрасынын атылышы «Информациялык системалар жана программалоо» – ИСП («Информационные системы и программирование») аталышына өзгөртүлсүн;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

в) Кафедраны өнүктүрүү максатында "ИТАС" кафедрасынын аталышын өзгөртүү маселеси

**Угулду**:

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* ИТАС кафедрасын өнүктүрүү максатында жана заман талабына ылайык кафедранын аталышын өзгөртүү маселеси коюлуп жатат. Сиздерге белгилүү болгондой ИТАС кафедрасы ИЭТ, ПИ жана саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия жана программалык инженерия багыттары боюнча иш алып барат. Ошого байланыштуу, пландаштырылган иш чараларды аткаруу максатында атын өзгөртүү боюнча кафедранын чечими чыгып, аны колдоп берүү сунушу түштү. Анда сөздү ИТАС кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу, доцент У.Д. Молдояровго сөз берели.

*У.Д. Молдояровго (кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, доцент):* саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү. Кафедраны өнүктүрүү максатында жана аккредитациянын талаптарына ылайык кафедранын аталышын өзгөртүү маселеси коюлуп жатат. Биздин кафедра информатика жана эсептөө техникасы, саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия жана программалык инженерия багыттары боюнча иш алып барат. Ошого байланыштуу «ИТАС» кафедрасынын аталышын «Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар» – АССТ («Автоматизированные системы и цифровые технологии» - АСЦТ) деген аталышка өзгөртөлү деген сунушту киргизем жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.

**Жарыш сөз:**

*Беделова Н. (ИТАС кафедранын доценти):* бул маселе боюнча кафедрадынын кеңешмесинде бир топ сунуш пикирлер айтылды жана кафедранын атын тандоо боюнча да бир нече варианттарды карап көрдүк. Биздин кафедра ИЭТ, саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия жана программалык инженерия багыттары боюнча иш алып баргандыктан кафедранын аты да ушул багыттырга түздөн түз байланыштуу болуусу керек. Ушул маселелерди эске алуу менен «ИТАС» кафедрасынын аталышын «Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар» – АССТ («Автоматизированные системы и цифровые технологии» - АСЦТ) деген аталышка өзгөртөлү деген сунушту киргизем жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.

*Кудуев А.Ж. (деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент)*: ИТАС кафедрасынын аталышы заман талабына ылайык максатка ылайыктуу тандалган деп ойлойм. Кафедра ИЭТ, саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия жана программалык инженерия багыттары боюнча иш алып баргандыктан «ИТАС» кафедрасынын атылышын «Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар» – АССТ («Автоматизированные системы и цифровые технологии» - АСЦТ)

деген аталышка өзгөртүү сунушун мен да колдойм жана сиздерден да колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар Кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

Жогорудагы маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кафедраны өнүктүрүү максатында жана заман талабына ылайыкташтыруу маселесин эске алуу менен МИТ факультетинин «ИТАС» кафедрасынын атылышы «Автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар» – АССТ («Автоматизированные системы и цифровые технологии» - АСЦТ) аталышына өзгөртүлсүн;
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

г) МИТ факультетинин 550200 "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча магистратура бөлүмүнө бүтүрүүчүлөрдү кабыл алуу үчүн тектеш адистиктерди аныктоо жөнүндө

**Угулду:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* МИТ факультетинин 550200 "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча магистратура бөлүмүнө бүтүрүүчүлөрдү кабыл алуу үчүн тектеш адистиктерди аныктоо маселеси талкууга коюлуп жатат. Бул маселе менен тааныштыруу үчүн МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент А.Д.Аттокуровага сөз берели.

*А.Д. Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: 550200 "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча тектеш адистиктердеги бүтүрүүчүлөрдөн магистратура бөлүмүнө суроо-талап көбүрөөк болуп жаткандыгына байланыштуу, төмөнкү тектеш багыттар жана адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдү 550200 "Физика-математикалык билим берүү" программасы боюнча магистратура бөлүмүнө кабыл алууга уруксат берүү жагын Окумуштуулар Кеңешине талкууга коюлуп, суралып жатат:

**Табигый илимдер:**
510100. Математика
510400. Физика
**Билим берүү:**
540202. Физика
540203. Информатика
550200. Физика-математикалык билим берүү
**Техникалык илимдер жана технологиялар:**
510200. Колдонмо математика жана информатика
510300. Информациялык технологиялар
710100. Информатика жана эсептөө техникасы
710200. Информациялык системалар жана технологиялар
710300. Колдонмо информатика.

**Эгерде мектепте иштеп жаткандыгын тастыктоочу аныктамасы болсо, андакошумча**

710400. Программалык инженерия
690300. Байланыш тармактары жана коммуникация системалары
640100. Теплоэнергетика и теплотехника
640200. Электроника и наноэлектроника
690200. Радиотехника
690300. Инфокоммуникационные технологии и системы связи
510500. Радиофизика
552801. ПОВТАС
531200. Компьютерная лингвистика.
540300. Организационная работа с молодежью.
550400. Социально-экономическое образование
550500. Технологическое образование
570800. Издательское дело.
590100. Информационная безопасность

А.Д. Аттокурова тектеш багыттар жана адистиктер боюнча тааныштырды.

Окумуштуулар Кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

Жогорудагы маселе боюнча факультеттин деканы, доцент У.А. Сопуевдин маалымдоосун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. МИТ факультетинин 550200 “Физика-математикалык билим берүү” программасы боюнча магистратура бөлүмүнө жогоруда тизмеленген даярдоо багыттарынын бүтүрүүчүлөрүн кабыл алуу сунушталсын.

2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин
төрагасы: Сопуев А.У

ДЕКАНАТ

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.